| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br>АЛТЫН-АРАШАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АЛТЫН-АРАШАН |
|---|---|---|

**I-чакырылышынын кезектеги 31-сессиясы**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын** 18 август **№** 28 **Октябрь а.**

**Алтын-Арашан айыл аймагына караштуу айылдарындагы 2026-жылга карата мал багуудагы жайыт акыларын жана айыл чарба техникаларынын кызмат көрсөтүү боюнча бааларын бекитүү жөнүндө**

Алтын-Арашан жергиликтүү Кеңеш, Алтын-Арашан айыл өкмөт башчысы Э.Кулетовдун маалыматын угуп жана 2026-жылга карата мал багуудагы жайыт акыларынын бааларын жана айыл чарба техникалары менен элге кызмат көрсөөтүнүн тарифтерин айылдык жыйындардын чечимдеринин негизинде бекитип берүү боюнча Алтын-Арашан жергиликтүү Кеңеш токтом кылат:

1.Алтын-Арашан айыл аймагынын 2026-жылга айыл чарба техникаларынын кызмат көрсөтүүдөгү жана мал багуудагы жайыт акыларынын бааларын айылдык жыйындардын чечимдеринин негизинде тиркемеге ылайык бекитилсин:

2."Алтын-Жылдыз тазалык" мунципалдык ишканасынын жетекчиси Б.Асангазиевге жакынкы жана алыскы жайыттарга малдарды аба-ырайына карап, май июнь айларында көчүрүлсүү, мал багуунун шарттары, малды жайлоого чыгаруу жана түшүрүү мөөнөттөрүү, мал жоголсо же өлсө төлөп берүү шарттарын жазып, ар бир малчы менен келишим түзүүсү, малга жасала турган прививкалар өз убагында жасалсын, жайыттарга бара турчу жолдорду оңдоп түзөө иштерин жүргүзүү милдеттендирилсин.

3.Алтын-Арашан айыл аймагынын мал багуу жана айыл чарба техникалары менен элге кызмат көрсөтүүнүн бекитилген тарифтен сырткары себепсиз бааларын көтөргөн адамдарга мыйзам чегинде Кыргыз Республикасынын бузуулар кодексинин негизинде чаралар көрүлсүн.

4.Ушул токтомду Алтын-Арашан айыл өкмөтүнүн веб-сайтына жарыялансын, каттодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн тиешелүү юстиция башкармалыгына жөнөтүү жагы Ж.Батамбековага милдеттендирилсин

5.Бул токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы Э.Кулетовго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Токомбаев**

Жиберилди: Иш-кагазга-1, а/ө-1, Юстицияга -2

Сканировано с CamScanner